# Бостери айыл өкмөтү

## 2012-ЖЫЛГА КАРАТА БЮДЖЕТТИН БОЛЖОЛДУУ АТКАРЫЛЫШЫ БОЮНЧА МААЛЫМАТ
## 48 722,600 СОМ (ТРАНСФЕРТТЕРДИ ЭСКЕ АЛГАНДА)

**Эмне үчүн айыл өкмөттүн ар бир тургуну бюджет жөнүндө билүүгө тийиш?**

Бюджет бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан жүргүзүлгөн эң маанилүү документ болуп саналат. Бул иштин финансылык планы. Ал абдан натыйжалуу болушу үчүн, жарандар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий адамдары бюджет кантип кабыл алынат жана аткарылаарын түшүнүүгө тийиш. Себеби, бюджетти түзүүдө дайыма ресурстардын чектелгендиги келип чыгат. Бул болсо финансылоонун артыкчылыктарын тандоо зарылдыгын билдирет. Ошондуктан бюджет - жөн гана финансылык план эмес, бул муктаждыктардын чектелбегендигиндеги ресурстар чектелгендик принципине негизделген артыкчылыктарды чагылдыруучу план. Эгер өзүңдүн бюджетиң жөнүндө баарын билсең, акчаны кай жакка сарптоо жөнүндө чечимди кабыл аласың. Андыктан бюджет – бул салык төлөөчүлөрдүн акчасы, башкача айтканда бардык жарандардын, ошондуктан ар бир адам тандоого катыша алышат. Ошондуктан өзүңөрдүн бюджет жөнүндө билүү - өзүңдүн айыл өкмөтүнүн проблемаларын чечүүнүн биринчи кадамы дегендикти билдирет.

## АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Айыл Өкмөттүн калкы болжолдуу түрдө **10 124 кишини** түзөт. Айыл Өкмөттүн муниципалдык менчигине 18 кыймылсыз мүлк жана инфраструктура объектилери бар. Муниципалдык менчиктин курамына атуулдардын жашоосуна керектуу төмнкүдөй объектилер кирет: мектептер, бала-бакчала, административдик имараттар, жолдор, коммуникациялар жана башкалар.

## 2012-ЖЫЛДЫН КИРЕШЕ БӨЛҮГҮНҮН АТКАРЫЛЫШЫ

Мыйзамдарга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринин кирешелери төмөнкүлөрдөн турат:

- 2012-каржы жылына карата республикалык бюджет тууралуу мыйзамдын негизинде бекитилген өлчөмдүрдүн негизиндеги жалпы мамлекеттик салыктардын бөлүштүрүү;
- жергиликтүү салыктар жана жыйымдар;
- салык эмес төлөмдөр;
- категориалдык гранттар;
- республикалык бюджеттен берилген каражаттар.

Бостери айыл өкмөтүнүн 2012-жылга карата бюджеттин аткаруусуна көнүл бурсак, 2012-жылы салыктык жана салыктык эмес каражаттардын жалпы өлчөмү айыл өкмөтү боюнча **24 215,500 сомду** түздү, анын ичинде жергиликтүү салыктар **13,883,600 сомду**, салыктык эмес каражаттар **3 890 600 сомду**, категориалдык грант **23 508 800 сом** жана республикалык бюджеттен болгон башка трансферттер (мугалимдердин жана бюджеттик мекемелердин кызматкерлеринин эмгек акысынын көбөйүшү, башталгыч класстардын окуучуларына тамак-ашка жана мектептердин кезектеги ремонтуна ) **998,800 сом** аткарылды.

Өзүнүздөр байкагандай Айыл өкмөтүнүн бюджетинин негизин түзүүчү эн маанилүү салык түрлөрү болуп жер салыгы болуп саналат. Жер салыгынан түшкөн кирешелер **11 839 100 сом**, мүлккө болгон салык – **1 944,500 сомду** жана жерлерди арендага (парко-пляж) берүүдөн түшкөн кирешелер – **2 659 000 сом** түздү. Ошондо биздин жергиликтүү бюджеттин өзүнүн кирешеси **24 215 500** сомду гана түзөт, ал эми республикалык бюджеттен түшкөн трасферттерди жана башка

каражаттар **24 507,100 сомду** түзөт. Ошондо жергиликтүү бюджеттин жалпы кирешеси **48 722,600 сомду түзөт.**

## 2012-ЖЫЛДЫН ЧЫГАША БӨЛҮГҮНҮН АТКАРЫЛЫШЫ – 43 220,900 МИҢ СОМ

Чыгашалар негизинен төмнкү сфераларга багытталган: билим берүү – **32 067,500 сом** (жалпы чыгашалардын 74 %), жергиликтүү башкаруу органдарын тейлөө – **3 473,000 сом** (жалпы чыгаша-дын 8%),социалдык камсыздоо – **502,900 сом (**жалпы чыгашалардын 1,1%), турак жай, турмуш тиричилик коммуналдык чарбасына – **5 855,234 сом** (жалпы чыгашалардын 13%)**,** маданият жана спорт – **1 322,378 сом** (жалпы чыгашалардын 3%). Эми ушул сарпталган чыгашаларды жакындан карап королу.




## МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТАР – 3 473,000 СОМ

2012-жылдын бюджетинен башкаруу органдарын каржылоого **3 473,00 сом** сарпталды:

Эмгек акы фондусу **1 916 726 сом**, социалдык фондго чегерүүлөр **286 600 сом,** кызматтык женил автотранспортту колдонууга **115 000 сом**, кызмат сапарларга кеткен чыгымдар **103,000 сомду**, эл. энергия үчүн акы төлөө **125 200 сом,** байланыш менен тейлөө кызматына **51,310 сом**, ар кандай жабдуу алуу үчүн **151,300 сом, 83 795** сомго айыл өкмөттүн имаратын ондоого жумшалды. Ар кандай иш кагаздарын, документерди жасоого (госрегистр, архитектура, ГАСК, экология) кеткен чыгымдар **175 230 сом.** Андан тышкары баннерлерге, рекламаларга айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине керектүү күнүмдүк чыгымдарга (банерлер, кагаз, калемсап, компьютерлерди ондотуу, картидждерди толтуруу, жана башка күнүмдүк чыгымдар) **449,870 сом** сарпталды.

## БИЛИМ БЕРҮҮ - 32 067 500 сом

Бостери айыл өкмөтнүн билим берүү мекемелеринин курамына 6 бюджеттик мекеме, анын ичинде 3 орто мектеп, 3 балдар бакчасы кирет. Бул мекемелердин иштешине 2012-жылда **32 067 500** сом каражат сарпталды.

Эмгек акы фондусуна **20 433 000** сом эсебинде каражат жумшалды, социалдык чегерүүлөр **3 474 237 сом**. Мугалимдерге берилуучу компенсацияга кеткен чыгым **351 500 сом.** Билим берүү чөйрөсүндө иштегендердин саны 197. Билим берүү чөйрөсүндө иштеген мамлекеттик жумушчулардын орточо эмгек акысы **7 000** сомду түзөт.

Тамак-ашка **1 452 644 мин** сом бөлүндү. Сууга, электр энергиясына, жылытуу тармагына жана телефонго **2 494 612 сом** сарпталды, кызмат сапарларга кеткен чыгымдар **103 924** сом,

контрак турундо берилген эмгек акыга **36 800** сом, спорттук буюмдарына **120,700** сом, баннерлерге, керектүү күнүмдүк чыгымдарга, даары дармектерге (калорифер, банерлер, кагаз, калемсап, компьютерлерди ондотуу, картиджердерди толтуруу,уй тиричилик буюмдар жана башка күнүмдүк чыгымдар) жалпысы 438 700 сом, андан тышкары **865 514 сомго** мектептерди окуу жылына даярдоого (сырдап жана актоо) сарпталды.

Капиталдык ремонтко кетүүчү чыгымдардын суммасы **2 296 010** мин сом деп аныкталды. Бул сумма "Березка" атындагы бала бакчанын чатырын жабууга сарпталды.

**СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДОО – 502 963 СОМ**

«Калкка берилүүчү жеилдиктер» статьясынын чыгымдары үчүн **502 963** сом бөлүнгөн. Бул статья боюнча Авган согушуна катышкандарга, майыптарга, каза тапкандарды эскерууго, орден жасатууга баардыгы **37 500** сом сарпталган, 7 апрель элдик кыймылында каза тапкан жарандарды эскерууго, катышуучусуна жалпысы **11 000** сом, Чернобль ардегерлерине жана майыптарга **10 500** сом, Ата Мекендик согуштун 67-жылдыгын откорууго, эстеликти тазалоо, жасалгалоого **75 000** сом, Балдарды коргоо кунуно **28 000** сом, карылар кунуно **30 000** сом, ардактуу атуулдарга **7 000** сом, майыптар кунуно карата **50 000** сом, жаны жылга карата балдарга жаны жылдык белек **20 000** сом, жана башка туберкулез оорусу менен оругандарга жол кире, томолой жетимдерге, ото жакыр уй булодогу балдарга кышкы кийим беруууго, жалгыз бой карылар, майыптар, майып балдарга (операцияга) материалдык жардам, жетим балдарды жайкы эс алууга балдар санаториясына жаткызууга, энелер кунуно жана эл аралык аялдар кунуно карата ардактуу энелерге сый белектери, каза болгон, ото жакыр уй булодогулорго материалдык жардамга ден соолугу начар адамдарга, бейтапканага барганга жана даары дармектерине **233 900 сом** сарпталган.

**ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК КОММУНАЛДЫК ЧАРБА (ТТКЧ ЖКХ) – 5 855,234 СОМ**

Бул бөлүм боюнча 2012-жылы **5 855 234** сом сарпталган, бул каражат төмөндөгү багыттар боюнча жумшалды. 2011-жылдан калган калган карыздардын суммасы **830 313 сом,** коммунал кызматкерлеринин эмгек акы фондусуна жумушчу бирдиги үчүн жана контрактык жол менен жалдап иштеткен жумушчулардын акысы баардыгы **1 126 225** мин сом бөлүнгөн, социалдык фондко чегерүүлөр **234,772** сом, коммуналдык кызматтарга **340 500** сом, кызматтык автотранспортторду колдонууга **914,700** сом сарпталган, базар жасатууга **460 125** сом сарпталган, суу скважиналарынын насосторун алмаштырууга **95 000 сом**, Бактуу-долонотуу айылындагы скважинасын тазалоого **225 000** сом жана ал скважинага керектуу кабель, труба, флянсы, щиттерди жаныртууга **121 000** сом сарпталган. Бактарды, бардюрларды актоого **89 898** сом,обочиналарды тазалоого **42 520сом,** бакдартарды тигууго **44 981 сом**, желектерди илууго **38 437** сом, газондордун тосмолорун, бардюрларды ремонттоого **50 975** сом, Атаев орто мектебинин чатырын тазалоого **21537** сом, Атаев орто мектебинин электр жылыткачтарын жаныртууга **180 208** сом, башкы жол трассасынын жээгиндеги элетро жарык беруучу фонарьларды жаныртууга **71 050** сом жана желектериди, баннерлерди илууго **42193** сом сарпталган, Бактуу-долонотуу айылындагы киши отуучу мостту **51 235** сом сарпталган, Ар кандай иш кагаздарын, сметаларды жасатууга, документерди жасоого (госрегистр,КсНИИП, архитектура, ГАСК, экология, сметчик) кеткен чыгымдар **724 362 сом** сарпталган, автоунаалардын тетикчелерин жаныртууга, ремонттого кеткен чыгымдар **295 620** сом сарпталган, жердин жолдорду ондоого быйыл бул болумдон **300 000** сом каралган, бул каралган каражат айыл өкмөтүндөгү айылдын жолдорун ондоого жумшалды.

**МАДАНИЯТ ЖАНА СПОРТ – 1 322 378 сом**

2012-жылдын бюджетинде айыл өкмөттүн маданият жана спорт мекемелери үчүн, маданий жана спорт иш-чаралары өткөзүү үчүн **1 322 378 сом** сарпталган. Маданият мекемелерине төмөндүгүлөр кирет: маданият үйү жана китепкана. Эмгек акы фондусуна жумушчу бирдиги үчүн **197,279 мин** сом бөлүнгөн, социалдык фондко чегерүүлөр **34,343 сом,** кызмат сапарларга кеткен чыгымдар **5,200 сом,** маданият уйуно **202,000 сомго** музыкалык аспаптар (комплект), китепканага жаны китептер, компьютер алынды, ремонтко жана ичтерин жасалгалоого, канцелярдык иш кагаздарына, уй тиричилик буюмдарына жалпысы **41,095 сом, 6,100 сом** ар кандай коммуналдык кызматтарга сарпталган. Республикалык, областык, рйаондук жана айыл

жергесиндо откозулгон спорттук оюндарына жалпысы **615,560 сом** сарпталган жана **220,745 сом** 2012-жылы болуп өткөн ар кандай майрамдарды майрамдоого жумшалган. Мисалы: Ноорус майрамы, Медичина кызматкерлеринин майрамы, Эгемендүүлү күнү, Жениш күнү, спонсордук жардамдар жана башка майрамдар.

**БАШКА ЧЫГАШАЛАР**

Дан эгиндерин жыйноочу автоунаасы (комбайн Полессе) **2 500 000 сом** сарпталган. Бул акча 2012 жылдан артып калган 5 501,700 сомдон сатылып алынды, азыркы учурда калдык 3 000,000 сомду түзөт.

## ТАБЛИЦАЛАР

| Кирешенин аталышы | 2012-жылгы кирешенин аткарылыш | % менен |
|---|---|---|
| Жалпы мамлекеттик салыктар | 6 441,3 | 13% |
| Жергиликтүү салыктар жана жыйымдар | 13 883,6 | 28% |
| Салык эмес кирешелер, муниципалдык менчиктен түшкөн кирешелер менен чогу | 3 890,6 | 8% |
| Категориалдык гранттар | 23 508,3 | 48% |
| Республикалык бюджеттен берилуучу каражаттар | 998,8 | 2% |
| Жалпы киреше | 48 722,6 | 100% |

| Чыгашанын аталышы | 2012-жылгы кирешенин аткарылыш | % менен |
|---|---|---|
| Мамлекеттик кызматтар | 3 473,0 | 7,60% |
| Билим берүү | 32 067,5 | 70,14% |
| Социалдык камсыздоо | 502,9 | 1,10% |
| Туракжай чарбасы | 5 855,2 | 12,81% |
| Маданият жана спорт | 1 322,3 | 2,89% |
| Башка кызматтар | 2 500,0 | 5,47% |
| Жалпы чыгашалар | 45 720,9 | 100,00% |